УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.13

Бакешова А.
К. Карасаев атындагы БМУ

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ДООРУ (АЛ МЕЗГИЛДЕГИ АЯЛДАРДЫН ОБРАЗЫН ТҮЗҮҮНҮН ТАРЫХЫЙ-СОЦИАЛДЫК, САЯСИЙ-НРАВАЛЫК ӨҢҮТҮ)

**Аннотация:** Макалада Ч. Айтматовдун аңгемелери талдоого алынып, бул жанрда образ түзүү, айрыкча аялдардын образын түзүү кандай чыккандыгы анализденди. Улуу жазуучу чыгармачылык сапарын дал ушул аңгеме жанры менен баштагандыгы, алгачкы аңгемелеринде совет доору талап кылган көрсөтмө, милдеттерди аткарган, аткарбаганы, доордун чындыгы көркөм дүйнөдө кандай орун алгандыгы изилдөө менен бирге образ түзүү талабы ал мезгилде кандай болгондугун ачып берүү аракети көрүлдү. Каарман, образ түзүү ыкмасынын тарыхый-социалдык, саясий-нравалык өңүтүн Асиянын, Зейнептин, Саадаттын образдарын талдоо аркылуу ачып бергенге аракеттендик. Жазуучунун аңгемелери чыгармачылыктын жаңы башталышы болгондугуна карабастан, баяндоо ыкмасынан арылып, каарман, образ түзүүгө жетише алгандыгы, натурализмден реализмге кадам таштагандыгы аялдардын образын талдоо менен изилденди. Аңгемелерин талдоодо ийгилигин эле айта бербестен, кемчилиги да көрсөтүлүп, изилдөө сын маанайында жүрдү.

**Түйүндүү сөздөр:** адабий салт, анализ, көркөм мурас, синтез, сын, сюжет, образ.

Бакешова А.
БГУ им. К. Карасаев

# ЭПОХА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА (ИСТОРИКО-СОЦИАЛЬНОЕ, ПОЛИТИКО-НРАВСТВЕННОЕ РАЗВИТИЕ ОБРАЗА ЖЕНЩИНЫ В ЭТОТ ПЕРИОД)

**Аннотация:** В стать были проанализированы рассказы Айтматова, а также проанализировано образотворчество в этом жанре, особенно образ женщины. О том, что великий писатель начал свой творческий путь именно с этого жанра рассказов, выполнил он или не выполнил в своих первых рассказах предписания и задачи, которые требовала советская эпоха, как реалии эпохи происходили в художественном мире, и была предпринята попытка выявить, каковы были требования к созданию образа в то время. Мы попытались раскрыть историко-социальное, политико-нравственное происхождение персонажа, способ создания образа путем анализа образов Асии, Зейнеп, Саадат. Несмотря на то, что рассказы автора были новым началом творчества, тот факт, что ему удалось избавиться от повествовательного метода и создать характер, образ, шаг от натурализма к реализму, был изучен путем анализа образа женщины. При анализе его рассказов указывались не только на успехи, но и на недостатки, а исследование проводилось в критическом настрое.

**Ключевые слова:** литературная традиция, анализ, художественное наследие, синтез, критика, сюжет, образ

**Bakeshova A.**
**BSU named after K. Karasaev**

# CH. AITMATOV ERA (HISTORICAL-SOCIAL, POLITICAL-MORAL DEVELOPMENT OF THE IMAGE OF WOMEN DURING THAT PERIOD)

**Abstract:** This year, Aitmatova's stories were analyzed, as well as the imagery in this genre, especially the image of a woman. The fact that the great writer began his creative journey with this genre of stories, fulfilled ten or fulfilled in his first stories the instructions and tasks required by the Soviet era, how the real era took place in the artistic world, and an attempt was made to reveal what they were requirements to create an image at that time. We tried to reveal the historical-social, political-moral origin of the character, the method of image creation by analyzing the images of Asia, Zeynep, and Saadat. Despite the fact that the author's stories were a new beginning of creativity, the fact that he managed to get rid of the narrative method and create a character, an image, a step from naturalism to realism, was studied by analyzing the image of women. When analyzing his stories, not only his successes, but also his shortcomings were pointed out, and the research was carried out in a critical mood.
**Keywords:** literary tradition, analysis, artistic heritage, synthesis, criticism, plot, image.

Доорубуздун залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов чыгармачылыкка киришкен XX кылымдын 50-жылдардын экинчи жарымынан тарта 60-жылдар кыргыз адабиятынын репрессиянын, согуштун азабынан кыйналып, зор жоготууларды башынан өткөрүп, анан жаралуунун жаңы баскычына кадам шилтеген учур эле. Өлкөдө мына ушундай кыйын учур болуп жаткандыгына карабастан маданият, адабият алдыга кетүүгө кадам шилтеп, чыгармачылыктын жаңы кадамы башталган. Искусство чыгармалары жаңыланууга умтулган өзгөчө учур болгон. Бүткүл союзда болуп жаткан бул күрдөөлдүү учурдан кыргыз адабияты да артта калбастан, чыгармачылыктын бийиктигин камтуу аракети жакшы башталган. «60–70-жылдары кыргыз адабиятынын өнүгүшү кандайдыр бир жаңы сапаттык баскычка көтөрүлүп, айрыкча проза жанры кулач жайып, ар кыл темадагы, ар кыл жагдайды чагылдырган аңгеме, повесть, романдар жарала баштады. Адабият майданында мурунтан активдүү иштеп келе жаткан жазуучулардан тартып, жаңыдан аралаша баштаган жаш талапкерлердин эмгектери саны жагынан да, сапаты жагынан да өскөндүгү таасын байкалат» [1.55-б.] – деп айтылгандай, улуттук адабияттын дал ушул мезгили – жаңы күчтөрдүн активдүү аралашышына, жаңы күчтөрдүн жаңы башталмаларды баштоого таштаган кадамдары менен коштолгон.

Так ушул мезгилде чыгармачылыкка киришкен Чыңгыз Айтматов адегенде котормо жанрынан киришип, бирок ал которгон чыгарма мурда которулуп калгандыгына байланыштуу, аңгеме жазууну баштап, 1952-жылы «Газетчи Дзюйо» жана «Ашым» аттуу аңгемелери жарык көрөт. Бул аңгемелер чындыгында чыгармачылыкка жаңы киришкен

жаш жазуучунун аңгеме жанрындагы калем сыноосу гана болгон, жалпы совет мамлекети башынан өткөрүп жаткан романтикалуу, оптимисттик көз-караштагы социализм менен капитализмдин айырмачылыгын бөлүп көрсөтүүгө гана умтулган, капиталисттик дүйнөнүн терс жагын ачып берүү аракетиндеги гана жөн салды аңгемелердин бири болгон.

Чыгармачылык башталуу «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» деген үч аңгеме менен болгон, «Ак жаан» менен «Түнкү сугат» аңгемелерин 1954-жылы жарыяласа, «Асма көпүрө» аңгемеси 1955-жылы жарык көргөн. Аталган чыгармалар жаш жазуучунун чыгармачылыкка жаңы киришкен үйрөнчүк аңгемелери болгондугуна карабастан кыргыз адабий-көркөм процессинде өзгөчө сөз болууга арзыган. Аңгемелердин сюжети, баяндаган окуясынын ыраттуулугу жана образдары ал мезгилдеги аңгемелерден бир кыйла айырмаланып турган. «Ч. Айтматов дайым жаңы табылгага ээ, өзгөчө, мыкты чыгармаларды жазат» деген түшүнүк дал ушул аңгемелерине карата башталган десек да болот.

Аталган аңгемелеринде адабият таануу илиминин негизги талаптары болгон деталь, подтекст, сюжет куруу, образ түзүү сыяктуу проблемаларын ыңгайлуулукта түзө алып, жеке өзүнө тиешелүү стилде жазган. Көркөм чыгарманын негизги элементтерин түзгөн сюжет куруусу, көркөм образдын ачылышы талапка жараша чыккан. Аңгемелердеги көзгө адегенде эле урунган нерсе, образдардын жаралышы болгон, анын ичинде аялдардын образын түзүүнү да дал ушул аңгемелеринен баштаган: Зейнеп апа, Саадат, Канымгүл, Асиялардын образдары ошол мезгилде түзүлгөн образдардан көп деле айырмаланган эмес. Айтматов ал мезгилдин көз карашын, реалдуу турмуштун өзүн көркөм чындыкка айландырып, аны образ аркылуу чагылдырып берүүгө аракеттенген.

Образ жаратып жаткан сүрөткер, чыгармачыл инсан кандайдыр бир адабий салтка, кандайдыр бир сүрөткерге, адабий-көркөм мурастарга таянат, ориентир жасайт. Эч нерсеге таянбастан чыгармачылыгын башкаларга окшобостон, же болбосо кандайдыр бир адабий салтка таянбастан туруп, шак эле башкача жазып, шыр улантып кете албайт. Бул табигый да, мыйзам-ченемдүү да көрүнүштү эч бир бир сүрөткер аттап өтүп кете алган эмес. Жаралуу тарыхы анча узак эмес, кыска гана убакытта жаралган кыргыз совет адабиятынан өсүп чыккан Ч. Айтматов да мезгил, коом, бийлик талап кылган нерселерден шак эле кол үзүп чыгып кете алган эмес, бул анын образ түзүү чеберчилигине да байланыштуу. Чыгармачылыгынын дал ушул мезгили жазуучунун чыгармачылык сапарынын романтикалуу-патетикалуу мезгили деп айтсак жаңылышпайбыз. Маселен, жазуучулук өнөрүндөгү чыгармачылык сапарын баштаган алгачкы аңгемелери «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрөдө» ошол мезгилдеги турмушту, кыргыздардын, айрыкча кыргыз кыз-келиндеринин жаңы турмушту өздөштүрө баштагандары тууралуу баян мазмунду түзгөн. Маселен, «Ак жаан» аңгемесинде Саадат деген трактор айдаган

кыздын комсомол бригадада иштеп, трактор, машина айдап, айдалбай жаткан жерлерди айдап, элиме жардам берсем деген тилегине энеси Зейнептин көп түшүнө бербегендигин, акыры ал кызынын кыялын колдогонун сүрөттөйт. Аңгемени окуп, Саадаттын ою менен таанышканда кыргыз эли башынан өткөргөн 30–40-жылдар эске түшөт. Ал мезгилде кыргыз кыздары жаңы турмушту өздөштүрө баштагандыгы, тракторист, комбайнер сыяктуу кесиптерге ээ болуп, Саадат сыяктуу келечек кыялын элине кызмат кылуу менен байланыштырышкан. Саадаттын: «…Бригададагы кишилердин алыскы шаарлардан келгенин, алар машиналарды беш колундай билгенин, кээ бирлери ошол машиналарды заводдо өз колдору менен жасаганын айтып берчү. Алар Саадаттай эле жаштар экен. «Мен да ошолордой болсом, ээ!» - деп Саадаттын көзү жайнай түштү. Анан дагы толуп жаткан немелер жөнүндө, комсомолдук жыйналыш жөнүндө, запчастар жөнүндө калп эле ооруп калып стен-газетага тартылган тракторист жөнүндө жана башкаларды айтып берчү. Анын баарын угуп отурган Зейнеп апа, бирин түшүнсө, бирин чала түшүнөт» [2. 319-б.]. Цитатадан байкалып тургандай, жаңы турмушту түшүнүп, ага баш-оту менен киришип жаткан жаш адам менен аларды анчалык баамдай албай турган орто курактагы адамдын мүнөзүн түшүнөбүз.

Саадат эрте жаздын бир күндөрүндө үйгө аптыгып, күйүгүп чуркап келип, энесине комсомолдук бригада келгенин, алар машина, трактор, соко, сеялкаларды алып өтүшкөнүн көргөнүн сүйүнчөлөсө, энеси таңкалып, «мынча эмне бүлүндү, келсе келиптир, анын эмнеси бар» - деп гана кабыл алат. Автор бул аңгемесинде Зейнеп апа менен Саадаттын образын мына ушундайча түзгөн. Аңгеменин окуясы да, каармандары да ошол мезгилдин чындыгын көрсөтүп берүүдө, образдар да ушуга байланыштуу түзүлгөн. Саадат сыяктуу жаңы кесипти өздөштүрөм деген кыздар тууралуу баяндаган чыгармалар кыргыз адабиятында көптөп эле түзүлгөн. Айтматов да бул көрүнүштөн четте калган эмес, кыргыз кызынын образын дал ушул кубулушка ылайыктап, жараткан. Тактап айтканда, жалпы СССР адабиятында өнүгүп жаткан сюжет куруу, образ түзүү ыкмаларынан четтеген эмес. Кайсы аңгемесин албайлы карапайым адамдардын көр-тирлик турмушу, үй-бүлө, сүйүү маселелери, Мекенине кылган кызматы, жаш адамдардын турмуш чындыгына кездешүүсү сыяктуу окуялар түзгөн. Сюжетине жараша образдар ошого ылайыкталып, түзүлгөн.

Дал ушундай эле көрүнүш бул аңгемесине удаа жаралган: «Асма көпүрө», «Түнкү сугат» аңгемелеринен да байкалат. Биринде сугатчынын аялы Канымгүлдүн турмушу, күйөөсү Каратай экөөнүн мамилеси, күйөөсүнүн кызганычы, досу Сабырбектен аялын кызганып, мушташканы, суунун тартыштыгы, суу чыгарууга жасалган аракет, арык казуу, сууну чыгаруу сыяктуу окуялар сүрөттөлгөн. Окуянын башынан аягына чейин Канымгүл аралашып жүрөт, аны сүрөттөө менен автор үй-бүлөсү үчүн бардык аракетин кылган карапайым аялдын образын жараткан. Канымгүл оокатын кылып, баласын багып,

күйөөсүн дайым колдоп келген жөнөкөй аял. Ал башка аялдардан эч айырмаланбаган карапайым аял, кандай болсо да күйөөсүн колдоп, түшүнүп, үйдүн тиричилигин мойнуна көтөрүп жүрөт. Турмуш-тиричилиги ушундай сүрөттөлгөн аялдын образы да ушуга ылайык чыккан. Сүрөттөөсүнүн, образдык курулушунун дал ушундай чыгышы жазуучунун кыргыз элинин турмушун, жашоо образын, эмгектенүү процессин дүйнө элине таанытуусуна жол ачкан. Эң башкысы ал мезгилдеги абдан актуалдуу болгон – эмгекчилердин образын түзгөн. Ал мезгилдин чындыгын чагылдырып жатканын сынчы Н. Потапов мындайча айткан: «Чингиз Айтматов создал яркую галерею образов простых тружеников, показал их в повседневной работе, в жизни, в семье, во всем разнообразии их судеб. Он донес до нас из далеких киргизских долин печали и радости Джамили, Алтынай, Асели, Кадичи, Данияра, Дюйшена и многих других» [3.10]. Советтик сынчы белгилеп көрсөткөндөй, жазуучу повесть жанрына киришкенге чейин эле, аңгемелеринде кыргыз эмгекчилеринин эмгектенүү процесси, жаңы турмушту өздөштүрүү, жаш муундун көз карашынан советтик жашоо образга ыңгайлашып өнүгүп жаткандыгы жана эң башкысы жаш адамдардын адам болуп калыптануу процесси, коомдук өнүгүүгө жараша болгондугун, жаш адамдар келечек максатын коомдун өнүгүүсүнөн, жаңы турмуштун алдыга жылышынан бөлүп карашпагандыгын ачып көрсөткөн. Муну менен ал мезгилдин чындыгын ачып берген, мисалы, жаштар келечек максаттарын, кыял-тилектерин коллективдүү турмушка байланыштырып гана карашкан. Тактап айтканда, ал мезгилдин чындыгы болгон индивидуалдуу турмушту четке сүрүп, өз мыйзамын орнотуп жаткан коллективдүү турмуш деген түшүнүк-кубулуштун кыргыз жерине да кандай орногондугу көрсөтүлгөн. Ч. Айтматов да жашоо-турмушка табигый түрдө орноп жаткандай көрүнгөн бул талап-эрежеден четтебестен көркөм дүйнөсүндө чындыктын бул категориясын көрсөтүп берген. Доордун чындыгын аңдап-туюп, сюжеттик курулушун, образдык системаларын ошого жараша курган. Маселен, «Ак жаан» деген аңгемесинде заводдо иштеген жумушчу Нурбек аттуу жигит жаңы уюшулган совхозго механик болуп келет, жазгы өнөктүктү тез эле бүтүрө коеюн деген дем менен жантайма жерди түн ичинде айдаймын деп, бирок тракторду кулатып алып, ал жерден качат. Аны гидро чарбадагы адамдар сактап калгандан кийин, ал жерде иштеп жүргөн Асия аттуу кыздын келечек максатын билип, иштеген ишин көргөн соң Асияга өзүнүн тең эместигин: « - Асия менен өзүңдү кантип теңейсиң! Ал ушул жапайы тоолордо эч кандай кыйынчылыктан баш тартпай, элдик иш үчүн күрөшүп жатат. А сенчи, сен кимсиң… Асия сага окшоп кайратсыз эмес. Асылбай айтып отурбайбы: кышында ашуунун баары бекип калып үркөрдөй болгон беш-алты киши жападан жалгыз ээн калганда да, Асия өз ишин токтоткон жок. Төргө барып келгенчн ал бороондо калып, буту-колун үшүккө алдырган. Ошондо да аны Асылбайлар радио-аппаратурага көтөрүп жеткиргенде, ал

ийкемге келбеген колу менен ыйлап жатып рацияны басып, элден мурун гидрологиялык станцияга сводка берип, ана кийин өзүнүн абалы жөнүндө сводка берген» [4.377-б.] – деп, Нурбек Асия элдин, коомдун, мамлекеттин ишин баарынан жогору койгон, ал үчүн талыкпаган адам экендигин, өзү ага татыктуу эмесмин деп, акыры совхозуна, кетирген кемчиликтерин оңдоп, иштөө үчүн кайра кетет. Ал кеткенде Асия сүйгөнүнүн кетип бараткана ичи ачышса да эң бир чоң тилегине жеткендей катуу кубанат.

Автор каарманын образын дал ушундай романтикалуу-патетикалык маанайда түзгөн. Асия бардык жагынан үлгүлүү кыз, ишин, милдетин баарынан жогору коет, ката кетирип алган Нурбектин катасын оңдойм деген максатынын, үмүтүнүн кайрадан жанышына жардамдашат, Герцендин китебин окуп, көп нерселерди үйрөнөт, бекеринен аны Нурбек идеал тутпайт. Анын образы ушундай идеалдуу түзүлгөн.

Асия, Саадаттардын образдары чындыгында ошол мезгилдеги образ түзүү ыкмасынан алыстабагандыгын көрсөтүп турат. Бул биринчиден, чыгармачылыкка жаңыдан киришип жаткан жаш калемгердин романтикалык-эйфориялык абалында сюжет, образ түзгөндүгүн көрсөтсө, экинчиден, ал адегенде доор талап кылган милдеттерден четтебестен чыгарма жазгандыгы байкалып турат. Буга тарыхый-социалдык абал да таасирин тийгизген. Согуштан кийинки каржалган мезгил, жоготуу азабынан, трагедиядан арыла элек оор учур, кыйынчылык искусство чыгармалары аркылуу адамдарды оптимизмге чакыруу, көңүлүн көтөрүү маселелери да турган. Дал ушул кубулуш Айтматовдун чыгармачылыгын башталыш этабында, айрыкча аңгемелеринде жакшы аткарылган. Согуштан кийинки мезгилдеги кыргыз прозасынын өнүгүшү тууралуу окуу китебинде жазуучунун аңгемелери тууралуу мындай деп айтылган: «Анын каармандары – күрөшчү каармандар, алардын мүнөзүндө кемчиликтер да жок эмес. Жазуучу өз каармандарын кыйын, оор шарттарга коюп сынайт, ошол учурларда аларда байкалган чабал жактар, бөксө жерлер таамай ашкereленет, бирок бул үчүн окурмандар ал адамдарды жек көрбөйт, кайра жан тартып, сүймөнчүлүгү артат, анткени мүнөзүндө айрым терс көрүнүштөр болгону менен алар тегинде жакшы кишилер. Мына ошентип, турмуштун жансыз сөлөкөтүн эмес, каардуу чындыгын жазуу практикасы адабиятыбызга Айтматовдун 50-жылдардын экинчи жарымындагы чыгармалары менен күр-шар этип кеңири кире баштаган десек жаңылышпайбыз» [5.443-б.]

Жазуучунун чыгармачылыкка жаңы киришкен мезгилде дал ошол мезгилдин деми менен чыгарма жазганы, каармандарын да ошондой түзгөндүгү, ошол учурдун талабына ылайык чыгарма жараткандыгы ачык көрүнүп турат. Саадат, Асия, Канымгүлдөрдүн образдары аркылуу ал мезгилдин чындыгы чагылдырылган, маселен, Саадаттын мүнөзү, иш-аракети жаңы турмушту кубаныч менен кабыл алып, жаңы кесипти өздөштүрүүгө аракеттенген жаш кыздын мүнөзүн ачып берүүгө багытталган. Мейли

Саадаттын образы, мейли Асиянын образы аркылуу советтик турмуштун алгылыктуу жактарын көрсөтүүгө умтулгандыгын көрсөтүп турат. Үч аңгеменин тең идеясын, сюжетин эмгек темасы ээлеген, Саадат, Асия, Нурбек деген каармандардын алдыга койгон максаттары эмгекке умтулуу, мисалы, Саадат механик кесибин өздөштүрүүгө, айдалбаган айдоо жерлерди айдап, колхозуна жардам берүү болсо, Нурбек айдоо жерлерди багындыруу, ишти баарынан эрте бүтүрүү максаты үчүн тобокелчиликке да барат. Бардык максаттарда эмгек маселеси алдыңкы планга чыгып жатат, бирок, эмгектин өзүн кең-кесири сүрөттөп берүү орун алган эмес, окурман кимдин кандай эмгектенип жаткандыгы тууралуу кенен сүрөттөмөнү таппайт. Нурбек кандай татаалдык болсо да жеңгиси келет, бул максаты үчүн талыкпастан күрөшөт, адегенде жантайма жерди багындыруу үчүн күрөшсө, андан кийин асма көпүрөнү оңдоо үчүн күрөшөт, акырында Асиянын сүйүүсүнө жетишүү үчүн, анын сүйүүсүнө татыктуу болуш үчүн күрөшөт. Асия жогоруда айтып кеткенибиздей, илимий иш жазып жаткан, илимий иш үчүн бардык кыйынчылыкты көтөрө алган, жан дүйнөсү таза, келечекке болгон ишеними бекем кыз. Нурбек бекеринен Асия менден акылдуу, менден күчтүү деп, андан тартынат. Асия Нурбекти өзүнүн жакшы жүрүш-турушу менен тарбиялайт, ал асма көпүрөнү бузган бойдон таштап кете албайт, ал үчүн бул сыноо, асма көпүрө Нурбектин адамдык сапатынын да кандайлыгын ачып көрсөтөт. Асма көпүрө Асиянын илимий ишин жүргүзүү үчүн өтө керек, анан кантип бузук бойдон таштап кетет, кантип кыянатчылыкка барат? Акыры ал көпүрөнү оңдоп, анан кетет. Айтматов жаш адамдын мүнөзүн ушундайча түзгөн. К. Асаналиев айткандай: автор идеялык проблеманы образдын ички мүнөзүн ачуу аркылуу көрсөтүүгө умтулган.

Айтматовдун аңгеме жанрындагы изденүүсү мына ушундай болгон жана аялдардын образынын галареясы дал ушул аңгемелеринде башталып, кыргыз аңгемелеринде Саадат, Асия деген каармандар пайда болгон. Образ түзүүдөгү чеберчилик да бир топ ийгиликтерди багындырган, жаш адамдын мүнөзүн түзүү да ийгиликтүү башталган. Тактап айтканда, аталган аңгемелер жазуучунун эле ийгилиги болбостон, кыргыз аңгеме жанрынынын да ийгилиги болгон. Мына ушундай өзгөчөлүгү үчүн кыргыз аңгемелеринин бул жылдардагы өнүгүшү боюнча «Кыргыз аңгемелеринин айрым маселелери» деген темада Кыргызстан Жазуучулар Союзунун IV Пленумунда доклад окуган белгилүү сынчы К. Асаналиев: «Чыңгыз Айтматовдун аңгемелери сюжет куруу боюнча, образдарды шөкөттөө боюнча кыргыз жазуучуларынын ичинен айрыкча айырмаланып турат» [6.200-б.] – деп белгилеп, ошол учурда жарык көргөн башка аңгемелерден айырмаланып турат, аңгемелердин ийгилиги сюжет куруусун мыктылыгында, каармандын ички мүнөзүн чебер көрсөтө алгандыгында деп белгилеген. Каармандарга келгенде «Асма көпүрөдөгү» Нурбектин образынын оригиналдуу түзүлгөндүгүн белгилеп көрсөткөн. Албетте, бул аңгеменин

сюжет куруусу, каармандын мүнөзүн ачуусу мыкты чыккан. Бирок, биз сөз кылып жаткан аялдардын образын түзүү аракети мындан кийинки чыгармаларындагыдай жогорку деңгээлде мыкты чыккан эмес. Аял каармандарды сүрөттөөсүнүн башталышы болгону менен образ түзүүдө башка чыгармаларындай бийиктикти багындыра албаптыр. Айтарлык кемчилик байкалбайт, бирок ошол мезгилдин көз карашы, чыгарма жазуудагы идея, максат, тема өз мезгилинен айырмаланбагандыгы байкалып турат. Тактап айтканда, романтикалуу-патетикалык мезгили жана «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» аңгемелери жаш жазуучунун алгачкы чыгармалары, алгачкы калем сыноосу болгондугуна карабастан чыгармачылык сапардын байсалдуу башталышы, сюжет куруу проблемасынын оригиналдуу чыгышынын, жеке стилинин калыптанышынын, күчтүү мүнөздөрдү түзүүнүн башталышы болгон.

**Адабияттар**

1. Асаналиев К. Кыргыз аңгемесинин айрым маселелери. /Китепте. Доор менен бирге. – Ф.:  Кыргызстан, 1981.
2. Асакеева Д.Ж. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында сюжет куруу проблемасы. – Б., 2008.
3. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 2 т-к. 1-т. – Ф.: Илим, 1987. Чыңгыз Айтматов. 3 т-к. – Ф.: Кыргызстан, 1983.
4. Потапов Н. Свет человечности. Айтматов Ч. Собр. соч. В 3 т. Т. 1.  –М., 1982.
5. Токулова И.Ч. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы балдарды эмгекке тарбиялоонун маселелери. – БМУ жарчысы, №2 (36) –Б., 2016, 67-б.